Кыргыз Республикасынын "Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Н.Исанов атындагы айыл аймагындагы Участкалык (УШК) шайлоо комиссияларынын курамына (резерв) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрүнөн талапкер көрсөтүү жөнүндө" Ноокат Аймактык шайлоо комиссиясынын кайрылуусунун негизинде аймактагы коомдук, жамааттык уюмдардын чогулуштарынын протоколдору, талапкерлердин документтери менен тапшырылып, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, Н.Исанов атындагы айылдык кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын "Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" мыйзамынын 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Н.Исанов атындагы айыл аймагындагы Участкалык (УШК) шайлоо комиссияларынын курамына (резерв) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрүнөн көрсөтүлгөн талапкер тизмеси бекитилсин.(Тиркеме тиркелет)
2. Көрсөтүлгөн талапкерлердин өздүк документтери Ноокат АШКсына жөнөтүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышы көзөмөлдөө жагы Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин укук, регламент жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

Н. Исанов атындагы айылдык Кеңешинин **8**-чакырылышындагы кезексиз №**9-2** токтомуна тиркеме

Н. Исанов атындагы айыл аймагындагы Участкалык шайлоо комиссияларынын (УШК) курамына (резерв) айылдардан көрсөтүлгөн талапкерлердин негизинде түзүлгөн комиссия курамынын тизмеси.

**1. № 5372 Чеч-Дөбө шайлоо участкасы боюнча комиссиянын резервинин курамы**

| № | Аты, атасынын аты | УШК № | Жашаган жери | туулган күнү, айы |
|---|---|---|---|---|
| **Операторлор** | | | | |
| 1 | Бокубаева Чынара Абдыраимовна | №5372 Чеч-Дөбө | Чеч-Дөбө | 10.02.1989 |
| 2 | Ысаков Сабирбай Манасович | №5372 Чеч-Дөбө | Чеч-Дөбө | 20.03.1962 |
| 3 | Казамбекова Райкан | №5372 Чеч-Дөбө | Чеч-Дөбө | 1984 |
| 4 | Нурмамат кызы Айсалкын | №5372 Чеч-Дөбө | Чеч-Дөбө | 1991 |

**6. №5487 Кичик-Алай шайлоо участкасы боюнча комиссиянын резервинин курамы**

| № | Аты, атасынын аты | УШК № | Жашаган жери | туулган күнү, айы |
|---|---|---|---|---|
| **Операторлор** | | | | |
| 1 | Бекмаматов Азирет Толкунбекович | №5487 Кичик-Алай | Күнгөй-Кожоке | 15.09.1993 |
| 2 | Осконбай кызы Аселайым | №5487 Кичик-Алай | Кичик-Алай | 13.03.1992 |
| 3 | Абдилатип уулу Данияр | №5487 Кичик-Алай | Кожоке | 28.09.1996 |

**Жооптуу катчы** **М. Маматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 9- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 9-3

**19-март 2024-жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**Жаңы- Базар айылындагы күн чыгыш тарабындагы 0,90 га жер тилкедеги «Алике» мечитинин ичинен 4000 м2 жер тилкесине жаңыдан заманбап медресе куруу жөнүндө**

Н. Исанов атындагы айыл аймагынын Жаң-Базар айылындагы күн чыгыш тарабындагы 0,90 га жер тилкедеги **« Алике»** мечитинин ичинен 4000 м2 жер тилкесине жаңыдан заманбап медресе куруу жөнүндө имам Д. Ташбаев билдирүүсүнө негиз, айылдык Кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы «Жергиликтүү мамлекеттик админстрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» №123 мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Жаңы-Базар айылынын күн чыгыш тарабындагы 0,90 га жер тилкесиндеги **« Алике»** мечитинин ичинен жаңыдан заманбап медресе куруу үчүн 4000 м2 жер тилкесине макулдук берилсин**.**

2. Жаңы-Базар айылынын күн чыгыш тарабындагы 0,90 га жер тилкесиндеги **«Алике»** мечитинин ичинен жаңыдан заманбап медресе куруу үчүн 4000 м2 жер тилкесине юридикалык иш кагаздарын даярдоо Ноокат шаар куруу жана архитектуура башкармалыгынан, Кадастр мамлекеттик мекемесинин Ноокат филиалынан каттоого алуу айыл өкмөтү тарабынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 9- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 9-4**

**19-март 2024-жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**Административдик аймактык бирдиктердин чек арасынын схемалык картасына жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Ош облусунун Ноокат районунун Н.Исанов айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Н.Исанов айыл аймагынын 2011-жылдагы өкмөттөр аралык макулдашылган административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып, жана талкуулап, Н.Исанов айылдык аймагында административдик чек арасында өзгөрүү болбогондугун эске алып Н. Исанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.

2. Н.Исанов айылдык кеңешинин төрагасына жана Н.Исанов айыл өкмөтүнүн башчысына Схемалык картага кол коюу тапшырылсын.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Ноокат райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 10- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 10-1

**10-май 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

### “Юг Сто” жоопкерчилиги чектелген коомунун Кичик-Алай айылынын “Зак Кашка-Суу” бөлүмчөсүнүн оң жак тарабынан көмүр кенин казып алууга, отвалга жер тилкесин берүүгө макулдук берүү жөнүндө

Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин “Айыл чарба жерге жайгаштыруу жана экология” боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 29-апрелиндеги №8 протоколуна ылайык, Ош облусунун жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын 2024-жылдын 16-апрелиндеги №-771 сандуу корутундусуна, Маданият министрлигинин 7-майдагы №04-6/4258 чыгуу катына, Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл Министрлигинин 2023-жылдын 31-июлундагы №7363 СЕ лицензиясына негиз, “Зак Кашка-Суу” участкасынын оң жак тарабында жайгашкан жайыт эсебиндеги 29,0 га жер тилкесинен 22,33 га жер тилкесине көмүр кен казууга, 6,67 га жер тилкесин отвалга берүүгө макулдук берүү үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин “Айыл чарба жерге жайгаштыруу жана экология” боюнча туруктуу комиссиясынын 2024-жылдын 29-апрелиндеги №8-протоколуна ылайык, Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл Министрлигинин 2023-жылдын 31-июлундагы №7363 СЕ лицензиясына негиз, Кашка-Суу участкасындагы жайгашкан жайыт эсебиндеги Зак Кашка-Суу” участкасынын оң жак тарабында жайгашкан жайыт эсебиндеги 29,0 га жер тилкесинен 22,33 га жер тилкесине көмүр кен казууга, 6,67 га жер тилкесин отвалга берүү үчүн КР нын “Жер казынасын пайдаланууга жер участокторун берүү маселелелери жөнүндө” 2017-жылдын 15-декабрындагы №810 Мыйзамынын , “2018-жылдын 19-майдагы “Жер казынасы” Мыйзамына ылайык, келишимдин негизинде мөөнөттүү берүүгө макулдук берилсин.
2. **“Юг Сто” жоопкерчилиги чектелген коомунун** көмүр кенин казып алууга берилген жер тилкесиине тиешелүү иш кагаздарын тактап, мыйзам чегинде иш алып баруу айыл өкмөтүнө жана жайыт комитетинин төрагасы М.Ташиевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин айыл чарба жана жерге жайгаштыруу, экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 10- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 10-2**

**10-май 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

**Н. Исанов айыл аймагынын аймагындагы « Кырк-Күңгөй» СПАнын менчигиндеги ички ирригациялык курулмалардын жалпы бөлүгүн жана мүлктөрүн муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

«Мүлкkө мунуципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-жана 19-беренелерине, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34- беренесине, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 07.02.2024-жылы №52 токтомунун 6-пунктун жетекчилике алып, Кырк-Күңгөй суу пайдалануучулар ассоциясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды жана мүлктөрдү муниципалдык менчикке акысыз берүү жөнүндө чечими жана өтүнүч кайрылуусунун негизинде Н. Исанов айыл өкмөтүнүн башчысы М. Примкуловдун сунуш пикирин угуп Н. Исанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. « Кырк-Күңгөй» суу пайдалануучулар ассоциясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык обьектилерди жана мүлктөрдө муниципалдык менчикке өткөрүү жөнүндө өтүнүчү бекитилип берилсин**.**

2. «Кырк-Күңгөй» суу пайдалануучулар ассоциясынын ирригациялык курулмаларынын жалпы бөлүгү жана мүлктөрү муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.

3. « Кырк-Күңгөй» суу пайдалануучулар ассоциясы менен биргеликте ирригациялык курулмалардын жалпы бөлүгүн жана мүлктөрүн кабыл алуу-өткөрүп берүү актын түзүү жана ирригатциялык курулмаларды жана мүлктөрдү муниципалдык менчик реестрине каттоо айыл өкмөтүнүн башчысы М. Примкуловго тапшырылсын. Тиркеме тиркелет.

4. Ушул токтом облустук Юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн**.**
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин айыл чарба жана жерге жайгаштыруу, экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин депутаттарынын кезектеги 8-чакырылышындагы 1-отурумунун № 10-2 токтомуна № 1 тиркеме

**Ирригациялык курулмаларды акысыз кабыл алуу-өткөрүп берүү Актысы**

25-март 2024- ж. Жаңы-Базар айылы

Биринчи тарап: «Кырк-Күнгөй» Суу пайдалануучулар ассоциациясынын атынан СПА кенешинин төрагасы Жолдошев А., СПА директору Арапбаев Н., мындан ары "Өткөрүп берүүчү",

Экинчи тарап: Н.Исанов атындагы айыл өкмөтү, айыл өкмөтүнүн атынан,Н.Исанов айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын муниципалдык менчигине ирригациялык курулмаларды кабыл алуу комиссиянын курамы: Атаканова Н.,Нуралиева С., Ташиев М., Мөнөков М., Нурматов Ж. мындан ары "Кабыл алуучу" болуп төмөндөгү маанидеги акт түзөбүз:

1.Кырк-Күнгөй Суу пайдалануучулар ассоциациясынын № жалпы жыйынынын чечими, Кырк-Күнгөй СПА кенешинин 14-март 2024ж өтүнүч кайрылуусу,Н.Исанов айылдык Кенешинин №10-2 10-май 2024-жылдагы Токтомун негиз кылып Кырк-Күнгөй

| № | Ирригациялык курулмалардын аталышы | Ирригациял.курулмага мүноздөмө, метр. | | | Техникалык абалы | Жайгашкан орду. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Туурас | Терендиг | узуну | | |
| 1 | Нов. Федоров | 2 | 1,0 | 10400 | Канааттандырарлык, Косметикалык оңдоолорду талап кылат | Жар-Коргон айылы |
| 2 | Ст. Федоров | 3 | 1,1 | 7800 | Авариялык, капиталдык оңдоону талап кылат. | Жар-Коргон айылы |
| 3 | Кайырма | 2 | 1,1 | 5600 | Канааттандырарлык, Косметикалык оңдоолорду талап кылат | К-Кожоке айылы |
| 4 | Канжыга | 2 | 1 | 5200 | Капиталдык оңдоону талап кылат. | К-Кожоке айылы |
| 5 | Дөбө | 2 | 1 | 4900 | Канааттандырарлык, Косметикалык оңдоолорду талап кылат | К-Кожоке айылы |
| 6 | Ак Жар | 2 | 1,0 | 2800 | Канааттандырарлык, Косметикалык оңдоолорду талап кылат | Кожоке айылы |
| 7 | Кожоке | 2 | 1,0 | 3300 | Канааттандырарлык, Косметикалык оңдоолорду талап кылат | Кожоке айылы |
| 8 | Алике | 1,5 | 1,0 | 5200 | Канааттандырарлык, Косметикалык оңдоолорду талап кылат | Жаңы-Базар |
| 9 | Жар-Коргон | 1,2 | 1,0 | 2000 | Канааттандырарлык, Косметикалык оңдоолорду талап кылат | Жар--Коргон |
| | Жалпы | | | 42700 | | |

СПАсы төмөндөгү ирригация курулмаларын Исанов айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын муниципалдык менчигине акысыз өткөрүп берет.

1. Жогорудагы аталган жабдууларды Н.Исанов айыл өкмөтү муниципалдык менчигине
   кабыл алат, рээстрге каттайт.

2. Бул Акт тараптардын ар бири үчүн бирден, бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада түзүлдү.

| | |
|---|---|
| Кырк-Күнгөй СПА кенешинин торагасы : | А.Жолдошев |
| Кырк-Күнгөй СПА директору: | Н. Арапбаев |
| Муниципалдык менчикке кабыл алуу | |
| комиссиянын төрагасы : | Ж.Нурмаматов |
| Комиссия катчысы : | Н.Атаканова |
| Комиссия мүчөсү | М. Ташиев |
| Комиссия мүчөсү | М.Мөнөков |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезексиз 10- отуруму (сессиясы)**

# ТОКТОМ № 10-3

**10-май 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

**Жергиликтүү маанидеги « тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин башкаруу тартибин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын « Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 52 токтомунун 6-пунктуна ылайык, Н. Исанов айыл өкмөтүнүн башчысынын дыйкандарды суугат суу менен камсыз кылууга байланыштуу чаралар боюнча сунушун угуп, Н. Исанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жергиликтүү маанидеги « тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин башкаруу тартиби ( мындан ары- тартип) дыйкандарды суугат суу менен камсыз кылуу маселелерин 1- тиркемеге ылайык киргизүү менен бекитилсин.

2. Н. Исанов айыл өкмөтүнүн башчысы Примкулов Мирланбек Тартиптин бекитилген функцияларын аткаруу, кызматтарды уюштуруу жана милдеттенмелерди аткаруу бөлүгүнүн ишке ашырылуусун камсыз кылсын.

3. Н. Исанов атындагы айылдык кеңеши ушул токтомду облустук Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин айыл чарба, жерге жайгаштыруу жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин депутаттарынын кезексиз 8-чакырылышындагы 1-отурумунун № 10-3 токтомуна № 1 тиркеме

Жергиликтүү маанидеги «тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин чечүүнүн алкагында дыйкандардын сугат сууга жетишин камсыз кылуу боюнча кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин

ТИЗМЕГИ

| № | Кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин аталышы | Аткаруу үчүн жооптуужак |
|---|---|---|
| **1.Кызматтар** | | |
| 1.1. | Сугат суусун суу пайдалануучуларга жеткирүү | Суу пайдалануучулар ассоциациясы (келишим боюнча) |
| **2.Функциялар** | | |
| 2.1. | Айыл өкмөтүнүн башчысынын бассейндик кеңештин ишине катышуусу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.2. | Муниципалдык менчиктердин реестринде ирригациялык курулмаларды эсепке алууну жүргүзүү | Айыл өкмөтүнүн финансылык-экономикалык бөлүмү |
| 2.3. | Кызмат көрсөтүүчүлөр менен ирригациялык курулмаларды колдонуу боюнча келишим түзүү, кол коюу жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.4. | Суу пайдалануу, эксплуатациялоо жана ирригациялык системаны камсызкылуу эрежелерин иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөтү Жергиликтүү кеңеш |
| 2.5. | Суу чарбасынын райондук башкармалыгы менен сугат суусун жеткирүү келишимин түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |

| | | |
|---|---|---|
| 2.6. | Суу колдонуу, эксплуатациялоо жана ирригациялык системаны камсыз кылуу эрежелерин бузганы үчүн суу пайдалануучулар анадминистративдик жоопкерчилик маселелери боюнча административдик комиссиянын ишин уюштуруу | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтү ү кеңеш |
| 2.7. | Ирригациялык кызматтардын төлөмүнүн (ИКТ) наркын эсептөө жана бекитүү | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтү ү кеңеш |
| 2.8. | Айылдын аймагында ирригацияны өнүктүрүү боюнча инвестициялык программаны иштеп чыгуу жана бекитүү | Айылөкмөтү<br>Жергиликтү үкеңеш |
| | **3.Милдеттенмелер** | |
| 3.1. | Ирригациялык курулмаларды кызматкөрсөтүүчүлөргө муниципалдык мүлктүн объекттери катары колдонууга берүү | Айыл өкмөтү |
| 3.2. | Ирригациялык курулмаларды камсыз кылууга амортизациялык чегерүүлөрдү толук же жарымжартылай компенсациялоо | Айыл өкмөтү |
| 3.3. | Суу пайдалануучулардын айрым категорияларына субсидияларды бөлүп берүү | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 3.4. | Субсидия аркылуу кызмат көрсөтүүчүлөрдүн чыгымдарын компенсациялоо | Айыл өкмөтү |

**Жооптуу катчы** **М. Маматов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 10- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 10-4**

**10-май 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 **токтомдун негизинде ички ирригациялык тутумдарды жана жеке менчик ичүүчү таза суу пайдалануучулар бирикмелерине таандык мүлктү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө**

Н. Исанов айыл өкмөтүнүн башчысы М. Примкуловдун Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 7-февралындагы № 52 токтомунун 6-пунктун жетекчилике алып Айылдардагы ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелеринин балансынан жергиликтүү өз алдынча органдарынын балансына өткөрүп берүү жөнүндөгү берген билдирүүсүн айылдык кеңештин депутаттары угуп талкуулап Н. Исанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 07-февралындагы ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмелеринин балансынан жергиликтүү өз алдынча органдарынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 7-февралындагы № 52 токтому аткарууга алынсын.

2. Н. Исанов атындагы айыл аймагындагы «**МУЗ БУЛАК», «КОШЧАН» «МАМБЕТ» ИСКАКБ**ларын айыл өкмөтүнүн балансына алып муниципалдык ишкана түзүлсүн, иш кагаздарын даярдоо айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. «МУЗ БУЛАК» ичүүчү таза суу ИСКАКБ сынын жеке менчикке өтүп кеткен скважина жана суу кампаны тийиштүү жер тилкелери менен муниципалдык менчикке кайтаруу боюнча иш алып баруу айыл өкмөтүнүн башчысы М. Примкуловго жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин айыл чарба, жерге жайгаштыруу жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезектеги 10- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 10-5

**10-май 2024-жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**Н. Исанов айыл аймагынын менчигиндеги « Муниципалдык менчик мүлктөрүн (жер участоктон тышкары) пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө жобосун бекитүү туралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан 2022-жылдын 28-июлундагы № 189 буйругу менен бекитилген «Муниципалдык менчик обьектерин пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобосуна негиз кылып Н. Исанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н. Исанов айыл аймагынын менчигиндеги « Муниципалдык менчик мүлктөрүн ( жер участоктон тышкары) пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө жобосу бекитүүгө макулдук берилсин.

2. Бекитилген Жобого ылайык иш алып баруу жагы « Н. Исанов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Ушул токтом Облустук Юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Н. Исанов айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУНУН<br>НООКАТ РАЙОНУ<br><br>Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ИМЕНИ Н.ИСАНОВА |
|---|---|---|

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезексиз 11- отуруму (сессиясы)**

**Т О К Т О М № 11-1**

**12.07. 2024 -жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**“Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-2027 жылдарга бюджетинин орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө”**

Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-2027-жылдарга бюджетинин болжолу жөнүндөгү маселени Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 95-беренесин колго алып, жергиликтүү бюджеттин 2025-2027-жылдарга орто мөөнөттүү болжолдуу долбоору тиешелеүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда депутаттардын Н.Исанов атындагы айлдык кеңешинин « Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк» боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан иштелип чыгылгандыктан. Н. Исанов атындагы айылдык Кеңеши карап чыгып

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-2027-жылдарга айылдык бюджетинин болжолунун негизги көрсөткүчтөрү 1-2 тиркеменин негизинде бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышы көзөмөлдүк кылуу жагы депуттардын Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин « экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын кезексиз 11-отурумунун №11 токтомуна № 1 тиркеме

**Н.Исанов атындагы өкмөтүнүн 2025-жылга айылдык бюджетинин болжолу**
**(мин сом)**

| **Кирешелердин аталышы** | **2025-жыл** |
|---|---|
| **Киреше+ активдер жана милдетемелер ( жер сатуудан)** | **39247,9** |
| **Салык кирешелер** | **23011,9** |
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 18711,0 |
| **Бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр.** | |
| Чакан ишкердиктин субьектилери үчүн бирдиктүү салык | |
| **Патенттөө негизиндеги салык** | **430,0** |
| Милдеттүү патенттөө негизиндеги салык | |
| Патенттин негизиндеги салык | 430,0 |
| **Менчикке салыгы** | **3589,2** |
| **Мүлккө салык** | **1887,2** |
| **Кыймылсыз мүлккө салык** | **187,2** |
| Ишкердик иш аракет жүргүзүү үчүн колдонулган | 187,2 |
| **Кыймылдуу мүлккө салык** | **1700,0** |
| Жеке адамдын транспорт каражатына салыгы | 1700,0 |
| **Жер салыгы** | **1702,0** |
| Физикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 700,0 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 750,0 |
| Айыл чарба эмес багытындагы жер салыгы | 252,0 |
| **Товарлардан жана кызматтардан алынуучу салык** | **281,7** |
| **Товарлардан жана кызматтардан алынуучу жалпы салык** | |
| Сатуудан түшкөн салык | |
| **Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар** | **281,7** |
| Роялти | 281,7 |
| **Салык эмес жыйымдар** | **10947,2** |
| **Ижара толому** | **3950,0** |
| **Балуулуктарды изилдөөгө лицензия алууга** | **2000,0** |
| Жайыт ижара акысы | **1100,0** |
| Кайра болуштуруу фондунун ижара акысы | 850,0 |
| Калктуу пункттан алынуучу ижара салыгы | |
| **Товар сатуудан жана кызмат акыдан тушкөн киреше** | **6777,2** |
| **Жыйымдар жана төлөмдөр** | **250,0** |
| Таштанды төлөмү | **250,0** |
| **Мамлекеттик алымдар** | |
| **Кызмат кылуудан түшкөн** | **6527,2** |
| **Атайын каражаттар** | 6527,2 |
| **Айып акылар ,санкциялар ,конфискациялар** | |
| Инфраструктура жакшыртуу | 220,0 |
| **Республикалык бюджеттен берилуучу гранттар** | |
| Тендештируу грант | 5288,8 |
| **Гранттардын жыйынтыгы:** | **5288,8** |
| **Жалпысы:** | **39247,9** |

**Катчынын м.а** **Н. Атаканова**

Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин 8-чакырылышы кезексиз 11-отурумунун № 11 токтомуна № 2 тиркеме

**Н.Исанов атындагы өкмөтүнүн 2026-2027-жылдарга айылдык бюджетинин болжолу**

| **Кирешелердин аталышы** | **2026-ж** | **2027-ж** |
|---|---|---|
| **Киреше+ активдер жана милдетемелер ( жер сатуудан)** | **41966,0** | **45283,8** |
| **Салык кирешелер** | **25302,2** | **28137,0** |
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 20900,0 | 23659,0 |
| **Бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр.** | | |
| Чакан ишкердиктин субьектилери үчүн бирдиктүү салык | | |
| **Патенттөө негизиндеги салык** | **430,0** | **430,0** |
| Милдеттүү патенттөө негизиндеги салык | | |
| Патенттин негизиндеги салык | 430,0 | 430,0 |
| **Менчикке салыгы** | **3672,2** | **3728,0** |
| **Мүлккө салык** | **1937,2** | **1988,0** |
| **Кыймылсыз мүлккө салык** | **187,2** | **188,0** |
| Ишкердик иш аракет жүргүзүү үчүн колдонулган | 187,2 | 188,0 |
| **Кыймылдүү мүлккө салык** | **1750,0** | **1800,0** |
| Жеке адамдын транспорт каражатына салыгы | 1750,0 | 1800,0 |
| **Жер салыгы** | **1735,0** | **1740,0** |
| Физикалык тараптардан алынуучу жер салыгы | 710,0 | 710,0 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 750,0 | 750,0 |
| Айыл чарба эмес багытындагы жер салыгы | 275,0 | 280,0 |
| **Товарлардан жана кызматтардан алынуучу салык** | **300,0** | **320,0** |
| **Товарлардан жана кызматтардан алынуучу жалпы салык** | **300,0** | **320,0** |
| Сатуудан түшкөн салык | | |
| Жер казынасын пайдалануу үчүн салыктар | | |
| Роялти | 300,0 | 320,0 |
| **Салык эмес жыйымдар** | **11375,0** | **11858,0** |
| **Ижара толому** | **4200,0** | **4450,0** |
| Балуулуктарды изилдөөгө лицензия алууга | 2200,0 | 2300,0 |
| Жайыт ижара акысы | 1100,0 | 1150,0 |
| Кайра болуштуруу фондунун ижара акысы | 900,0 | 1000,0 |
| Калктуу пункттан алынуучу ижара салыгы | | |
| **Товар сатуудан жана кызмат акыдан тушкон киреше** | **6855,0** | **7058,0** |
| **Жыйымдар жана төлөмдөр** | **255,0** | **258,0** |
| Таштанды төлөмү | **255,0** | **258,0** |
| **Кызмат кылуудан түшкөн төлөм** | **6600,0** | **6800,0** |
| **Атайын каражаттар** | 6600,0 | 6800,0 |
| Инфраструктура жакшыртуу | 320,0 | 350,0 |
| **Республикалык бюджеттен берилуучу гранттар** | 5288,8 | 5288,8 |
| **Тендештируу грант** | **5288,8** | **5288,8** |
| **Жалпысы:** | **41966,0** | **45283,8** |

**(мин сом)**

**Катчынын м.а** **Н. Атаканова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУНУН
НООКАТ РАЙОНУ

Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ИМЕНИ Н.ИСАНОВА

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезексиз 11- отуруму (сессиясы)**

# ТОКТОМ № 11-2

**12-июль 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

**"Н. Исанов айыл аймагына караштуу Күңгөй-Кожоке айылынын Төш участкасынын №473$^1$ контурундагы 0, 60 га жайыт эсебиндеги жер тилкесин бала бакча куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө "**

Н. Исанов айыл аймагына караштуу Күңгөй-Кожоке айылынын Төш участкасынын №473$^1$ контурундагы 0, 60 га жайыт эсебиндеги жер тилкесин бала бакча куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Калктуу конуштардын жерлери" категориясына Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлдагы "Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү №145 Мыйзамынын 12-беренесинин 9-пунктуна негиз, макулдук берүү үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап Н. Исанов айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. **Кыргыз Республикасынын «Жер Кодексинин» 12,15-беренесине,** Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлдагы "Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү №145 Мыйзамынын 12-беренесинин 9-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы №169 токтому менен бекитилген " Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү Жобого ылайык, Күңгөй-Кожоке айылынын Төш участкасынын №473$^1$ контурундагы 0, 60 га жайыт эсебиндеги жер тилкесин бала бакча куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин

2. Күңгөй-Кожоке айылынын Төш участкасынын №473$^1$ контурундагы 0, 60 га жайыт эсебиндеги жер тилкесин бала бакча куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) иш кагаздарын даярдап, райондук комиссияга сунуштоо А. Жолдошевге милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин айыл чарба, жерге жайгаштыруу жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУНУН
НООКАТ РАЙОНУ

Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ИМЕНИ Н.ИСАНОВА

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезексиз 11- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 11-3**

**12-июль 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

**Муниципалдык менчиктеги тигүү цехин ижарага берип, Арис тарабынан сатылып алынган жабдууларды айыл өкмөтүнүн балансына алууга жана ЕРМИ программасына киргизүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Н. Исанов айыл аймагынын Жаңы-Базар айылынын борборуна курулган муниципалдык менчиктеги тигүү цехин Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамына негиз, ижарага берип, Арис тарабынан сатылып алынган жабдууларды айыл өкмөтүнүн балансына алууга жана ЕРМИ программасына киргизүүгө макулдук берүү максатында айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап Н. Исанов айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н. Исанов айыл аймагынын Жаңы-Базар айылынын борборуна курулган муниципалдык менчиктеги тигүү цехин Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесине негиз, ижарага берип, Арис тарабынан сатылып алынган жабдууларды айыл өкмөтүнүн балансына алууга жана ЕРМИ программасына киргизүүгө макулдук берилсин.

2. Муниципалдык менчиктеги тигүү цехин Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесине жана Муниципалдык менчиктеги обьекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Жобосуна негиз, мыйзам чегинде иш алып баруу айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин айылдык кеңешинин айыл чарба, жерге жайгаштыруу жана экология» боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын .

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 11- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 11-4

**12-июль 2024-жыл** **Жаңы-Базар айылы**

**“ Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетин жана 2025-2026- жылдарга бюджетинин болжолун бекитүү жөнүндөгү токтомго өзгөртүү киргизүү жөнүндө”**

Айыл өкмөтү 2024-жылдагы бекитилген бюджетине өзгөртүү киргизүүнү депутаттардын Н.Исанов атындагы айлдык кеңешинин «Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк» боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып, иштелип чыгылгандыктан. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесин колго алып 4-бөлүгүнүн негизинде депутаттардын Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши карап чыгып

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2024- жылдын бюджетинин 70491- бөлүмүнөн 2215 беренесиндеги долбоорлорго деген акча каражаттарынан КР жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары союзунун мүчөлүк акысына 66,6 миң сом акча каражатын жылдырылып берилсин.
2. КР жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары союзунун мүчөлүк акысына 66,6 миң сом акча каражатын которуп берүү айыл өкмөттkө жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы көзөмөлдүк кылуу жагы депуттардын Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин « экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Н. Жолдошов**.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУНУН<br>НООКАТ РАЙОНУ<br><br>Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ИМЕНИ Н.ИСАНОВА |
|---|---|---|

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 11- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 11-5**

**12-июль 2024--жыл** **Жаңы Базар айылы**

**“Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылындагы “Парча-Эне” мектепке чейинки билим берүү мекемесине кошумча тайпа ачуу ” жөнүндө**

Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылындагы “Парча-Эне” мектепке чейинки билим берүү мекемесине кошумча тайпа ачуу” жөнүндөгү элдик жыйындын протоколуна негиз жана “Парча-Эне” мектепке чейинки билим берүү мекемесинин жетекчиси М.Ташбаеванын сураныч катына, айылдык кеңештин депутаты Г.Абдиеванын билдирүүсүнө ылайык, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп талкуулап Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылына “Парча-Эне” мектепке чейинки билим берүү мекемесине кошумча тайпа ачуу” жөнүндөгү айылдык кеңештин депутаты Г. Абдиеванын билдирүүсүнө ылайык, элдик жыйындын протоколу канааттандырылып, кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин.
2. Кожоке айылындагы ”Парча-Эне” мектепке чейинки билим берүү мекемесине кошумча ачылуучу тайпаны Республикалык бюджетке киргизүү айыл өкмөтүнө, 3-тайпага алынып жаткан балдар үчүн шарт түзүү балдар бакчасынын жетекчилигине милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, айылдык Кеңешинин «социалдык –маданий, билим берүү, миграция, туризм,жаштар жана саламаттыкты сактоо» боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы А. Эргешовага жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 11- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 11-6

**12-июль 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

**Суу пайдалануучулар бирикмесинин сугат суу боюнча 1,0 га жер үчүн сугарылган эгиндин жылдык тарифин бекитүү жөнүндө**

Н. Исанов айыл өкмөтүнүн өсүмдүк өстүрүү жана жер боюнча башкы адис А. Жолдошевдин билдирүүсүнө негиз, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы «Сууну пайдалануучулардын бирикмелери (ассоциациялары) жана сууну пайдалануучулардын бирликтери жөнүндө” № 38 Мыйзамына ылайык, айыл аймагындагы Суу пайдалануучулар бирикмесинин сугат суу боюнча 1,0 га жер үчүн сугарылган эгиндин жылдык тарифин бекитүү жөнүндө айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап Н. Исанов айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Н. Исанов айыл аймагындагы Суу пайдалануучулар бирикмесинин сугат суу боюнча 1,0 га жер үчүн сугарылган эгиндин жылдык тарифин бекитүү колго алынсын. Сугат суунун тарифи тиркелет.

2. Н. Исанов айыл аймагындагы Суу пайдалануучулар бирикмесинин сугат суу боюнча 1,0 га жер үчүн сугарылган эгиндин жылдык бекитилген тарифи боюнча 2025-жылдан баштап мыйзам чегинде иш алып баруу «Алтын казык булагы» муниципалдык ишканасынын жетекчисине милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин айылдык кеңешинин айыл чарба, жерге жайгаштыруу жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын .

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезексиз 11- отурумунун (сессиясы) №11-6 токтомуна №1 тиркеме**

**Н.Исанов айыл аймагындагы "Алтын-Казык булагы" муниципалдык ишкананын сугат суу боюнча тариф эсеби**

**Туруктуу чыгымдар**

| № | **Чыгымдардын аталышы** | |
|---|---|---|
| 1 | Эмгек акы | Директор – 15000*12=180000<br>Бухгалтер – 14000*12=168000<br>Сугат суу болум башчы-20000*12=240000<br>**588000сом** |
| 2 | Соц фонд | **160230** |
| 3 | Адм чыгымдар (командир, констовар ж.б) | **50000** |
| 4 | Түз салык (мүлк салык) | **2000** |
| 5 | Резервдик фонд | **160046** |
| 6 | Кредиттик төлөмдөр | **242706** |
| | **Бардыгы** | **1363212** |

**1.**Эмгек акы= 588000
**2.** Соцфонд 27,25%=160230
**3.** резервдик фонд= Эмгек акы+адмчыгым+мүлк салык*20% =160046
**4.**Кредит жылына 242706 сом
5.мулк салык -2000сом
6.Админ чыгым – 50000сом

**Туруктуу чыгым 1363212 сом/ жалпы жер аянт 1535 = 888 сом**

**Өзгөрмө чыгымдар**

| **№** | **Чыгымдардын аталышы** | **Сумма** |
|---|---|---|
| **1** | РСЧБ (РУВХ) төлөмү | 1535га жер эгинге 8094250куб суу керектелет. 8094250куб*0,03водхоз=**242827сом** |
| **2** | Эксплуатациялык чыгымдар | 500 000 |
| **3** | Кызматтык келишимдер (мурабдар) | 5мурап *20000сом * 5ай =**500 000** |
| **4** | Кыйыр салыктар (Единый налог) 6% | **74569** |
| **5** | Пландык топтоо | **110000** |
| **6** | Амортизация | **100000** |
| | **Бардыгы:** | **1527396сом** |

1. 5 мураб+ 20000сом * 5 ай = 500 000 сом
2. Кыйыр салык 1+2+3*6%=74569
3. Пландуу топтоо 2+3+6*10%= 110000
4. Амортизация – 100 000
5. Райводхоз – 242827
6. Эксплатация чыгым -500000

**Сугат суунун көлөмүн эсептөө**

| № | Маданий өсүмдүктөрдүн аталышы | Жер аянты (га) | Керектелүүчү норма (м3) | Суунун көлөмү (м3) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Пахтага | | | |
| 2 | Беде | 172 | 4800 | 825600 |
| 3 | Жүгөрү | 280 | 5800 | 1624000 |
| 4 | Буудай | 234 | 5800 | 1357200 |
| 5 | Жашылча, бак, тамарка | 849 | 5050 | 4287450 |
| 6 | Шалы | | | |
| 7 | Бак | | | |
| | **Бардыгы:** | **1535** | | **8094250** |

РУВХ төлөм 8094250куб*0,03= 242827сом
Жалпы өзгөрмө чыгым 1527396сом/7019650куб суу=0,18тыйын
1куб суу акысы = 0,18тыйын

| № | Эгиндин түрү | 1га/норма полив | 1 куб наркы | Өзгөрмөт тарифтин наркы | 1 га /туруктуу тариф | 1га / тариф |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Пахта | | | | | |
| **2** | Беде | 4800 | 0,18 | 864 | 888 | 1752 |
| **3** | Жүгөрү | 5800 | 0,18 | 1044 | 888 | 1932 |
| **4** | Буудай | 5800 | 0,18 | 1044 | 888 | 1932 |
| **5** | Жашылча,бак, тамарка | 5050 | 0,18 | 909 | 888 | 1797 |
| **6** | Шалы | | | | | |
| **7** | Бак | | | | | |
| | **Баары:** | | | | | **7413 /4 орточо 1853сом** |

Н.Исанов айыл өкмөтүнүн башчысы _________ М. Примкулов
Н.Исанов айыл өкмөтүнүн айыл чарба адиси________ А. Жолдошев
Алтын-Казык булагы МИ жетекчиси _______________ Т. Эшкулов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 11- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 11-7

**12-июль 2024-жыл** **Жаңы- Базар айылы**

### Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижара акысын бекитүү жөнүндө

Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Өсүмдүк өстүрүү жана жер боюнча башкы адис А. Жолдошевдин билдирүүсүнө негиз, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба Министрлигинин 2022-жылдын 19-сентябрындагы №329-НИ «Айыл чарбасына жарактуу мамлекеттик фондунун жерин, үрөнчүлүк, асыл тукум чарбаларына жана айыл чарба кооперативине берүү тартибин бекитүү тууралуу» буйругунун негизинде бекитилген Жобого ылайык, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижара акысын бекитүү жөнүндө айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап Н. Исанов айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

